КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
БИРЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БИРЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

720212 село Ормош айылы №1-көчө №5-үй тел:(03655)6-00-25 0558824400 e-mail: sadykbekkalamov@mail.com

**Бирлик айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XXX-сессиясы**

Токтом № 133
10-сентябрь 2024-жыл
Ормош айылы

Моло айылында жайгашкан мурда эгилген эски кайрагачтардын ордунан Моло, Жаңы-Сырт, айылдарынын жашоочулары үчүн келечек планда ФАП курууга жана жалпы элдин кызыкчылыгына кызмат кыла турган социалдык обьектилерге ылайык жер аянтын ажыратуу жөнүндө

Моло айылында жайгашкан мурда эгилген эски кайрагачтардын ордунан Моло, Жаңы-Сырт, айылдарынын жашоочулары үчүн келечек планда ФАП курууга жана жалпы элдин кызыкчылыгына кызмат кыла турган социалдык обьектилерге ылайык жер аянтын ажыратууга уруксат сураган айыл башчы З.Мадимаровдун кайрылуусунун негизинде сунуш-талкуулардан кийин, Бирлик айыл аймагынын айылдык кенешинин VII-чакырылышынын кезексиз XXX-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Моло айылында жайгашкан мурда эгилген эски кайрагачтардын ордунан Моло, Жаңы-Сырт, айылдарынын жашоочулары үчүн ФАП курууга жана жалпы элдин кызыкчылыгына кызмат кыла турган социалдык обьектилерге ылайык жер аянтын ажыратууга макулдук берилсин.

2.Аталган жер аянтын мыйзам чегинде белгиленген тартипте ажыратып берүү иштери айыл өкмөт башчыга жүктөлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бирлик айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары Н.Гафуровго жүктөлсүн.

**Төрага:** **С.Каламов**